# Кыялыңа акча топто



Автор: Бекайым Төрөгелдиева
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

# Кыялыңа акча топто

Автор: Бекайым Төрөгелдиева
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кыялыңа акча топто" (кыргыз тилинде), автор Бекайым Төрөгелдиева, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Апа! Апа! Бүгүн Раяна мага бир сонун нерсе үйрөттү! – деп Бермет үйүнө шашып кирди.

– Оо! Ал сонун дегениң эмне экен? – апасына да бул кызыктуу болду.

– Мага берген акчанын баарын эле корото бербеш керек экен. Керектүү нерсени сатып алып, калган акчаны чогултса болот тура!

– Туура айтасың, ошентсе болот... Акчаны чогултуп эмне кыласың?

– Апа, Раяна үй-бүлөсү менен акча топтоп, Көчмөндөр оюну өткөн Кырчын жайлоосуна барышат экен. Биз дагы ошентелиби? Мен ат оюндары өткөн жерден ат минип, жаа тарткым келет.

– Аябай сонун акыл, кызым. Атаң экөөбүз да ошол жерге барып келели деп ойлоп жүргөнбүз.



– Эмне жөнүндө сүйлөшүп жатасыңар? – деп Бермет менен апасынын маегине эшиктен кирген атасы да аралаша кетти.

– Жайында Кырчын жайлоосуна барып, Көчмөндөр оюну өткөн жерди көрүп келсек деп жатабыз, – деди апасы.

– Кырчын? Сонун экен! Бирок ал жакка барганга канча акча каражаты кетерин билесиңерби?

– Ата, жай мезгилине чейин дагы эки ай бар го. Ага чейин чогултабыз да...

– Ал үчүн, адегенде, ошол жакка кеткен чыгымдарды эсептеп чыгалы.


– Чыгымдарга эмнелер кирет? – деп Бермет атасын суроолуу карап калды.



– Машинага бензин, тамак-аш жана дагы башка ушуга окшогон чыгымдар болот.

– Ата, келиңиз, ошолорду болжолдуу эсептеп чыгалы, – деп Бермет дептер менен калем сап алып келди.

– Балыкчыдан Кырчын жайлоосуна чейин болжол менен 115 км. Ага биздин машинага 25 литр бензин куюш керек. 1 литр бензиндин баасы 58 сом. Бензинге канча акча кетет? Эсептеп көрчү, – деди атасы.





· *Балдар, келгиле, чогуу эсептейли. Кырчынга барып, кайра келгенге канча литр бензин керек? Ал канча сом болот ?*

– Тамак-аш сатып алышыбыз керек. Ага кеткен чыгымдарды да эсептейли, – деп Берметтин жообун атасы дептерге жазып койду.

– Тамак-ашка кетүүчү азыктарды сатып алып, ал жактан өзүбүз жасасак да болот, – деп апасы сөзгө аралашты.

– Ооба, туура. Кандай тамак жасайбыз, ошону чечип, андан кийин азык-түлүктүн тизмесин жазышыбыз керек.

Бермет менен апасы көпкө ойлонбостон эле өздөрү жакшы көргөн дымдама деп сунушташты. Дымдама – витаминдерге бай тамак. Даярдоо үчүн да көп убакытты талап кылбайт. Керектүү азыктарды тизмектеп, баасын жазып, эсептеп да коюшту.




· *Балдар, дымдамага керектелүүчү азыктарга канча акча керектелет? Жалпы суммасын эсептеп көргүлө!*

– Эми дагы эмнелерди алабыз? – деп атасы баштаганда эле,


– Булочка, печенье, суусундук..., – деп Бермет санап кирди.

– Салатка помидор, бадыраң, нан да алалы, – деп апасы кошумчалады.

– Бизге 2 нан, 8 булочка, 6 литр суусундук жетсе керек. Помидор менен бадыраңдан 2 килограммдан алалы. Кана, эми ушуларды эсептеп чыгалы, – деди атасы.

Бермет бат эле эсептеп, акчанын суммасын атасына айтты.

– Эми жалпы канча акча кетерин мен эсептейинби? – деп Бермет чыгымдардын жалпы суммасын чыгара баштады.




· *Балдар, силер дагы эсептеп көргүлө. Жалпы сумма канча болду?*

– Оо, бир топ эле акча кетет турбайбы! – деди атасы Берметтин эсептеп чыкканын көрүп. – Эми экинчи маселе, ушул акчаны кантип топтойбуз?

– Ата, мага күнүнө 50 сом beресиз го. Ошонун 35 сомуна тамактансам да, калган 15 сомун чогултсам болот.

– Ооба, кызым, ошондо бир айда канча акча чогултасың?

· *Балдар, келгиле, санайлы. Эки айда Бермет канча акча чогултат?*



– А мен кантип акчадан үнөмдөсөм болот? – деп апасы кызын сырдуу карады.

– Апа, сиз алган айлыгыңыздан эле калтырып коюңуз...

– Ооба, апаң айлыгынан айына 1000 сом, а мен 2000 сом бөлсөм, керектүү акча чогулуп калат.

· *Балдар, эсептеп көргүлө. Берметтин атасы менен апасы эки айдын ичинде канча акча топтошот?*

– Ар бирибиз чогулта турган акчаларды кайсы жакка топтойбуз? Ага кантип эсеп жүргүзөбүз?

– Акча чогулта турган капчык тигип берейин, – деди апасы.

– Сен болсо өзүнчө бир дептер ачып, ким канча акча кошконун жазып тур, – деди атасы Берметке.

Ошол күндөн тартып, Бермет өзүнө берилген милдетти жоопкерчилик менен аткара баштады. Апасы тигип берген улуттук оймо түшүрүлгөн кооз капчыкка 15 сомдон салуу керек.

Күнүмдүк акчадан үнөмдөө үчүн, өзү жакшы көргөн кээ бир таттуулардан баш тарта баштады. Бирок Бермет бат эле көнүп кетти. Себеби, Кырчын жайлоосуна барам деген оюу дайыма биринчи орунда эле.



Акчаны күн сайын чогултуп, эсеп жүргүзүү үчүн Бермет өзгөчө ыкма да ойлоп тапты. Дептерине бир айдагы бардык даталарды эринбестен жазып чыкты. Күндө 15 сом салдым деп  белгилеп жатты.




Акчаны капчыкка салып, датасын белгилеп жатканда, Бермет өзүн Кырчын жайлоосунда Көчмөндөр оюнунун катышуучусу катары элестетип да алчу.

– Ата, жайлоого чоң энем менен чоң атамды да ала баралычы!? Алар да жайлоону көрүп келишсин.

– Ооба, сөзсүз чогуу барабыз, – дешти ата-энеси бир ооздон.


Ар бир айдын аягында атасы, апасы макулдашылган акчаны Берметке өз убагында тапшырып турушту. Алар да Бермет сыяктуу  өз чыгашаларын туура пландай башташты.

· *Балдар, эсептеп көргүлө. Эки айдын ичинде Бермет, атасы, апасы канча акча топтой алышат?*

· *Силердин акча топтогонго каалооңор барбы? Бир айда канча акча топтой аласыңар? Кантип?*

· *Топтолгон акчаны кайсы жакка жумшайсыңар?*

***Акчаны туура пайдаланып, өзүңөрдүн кыялыңарды ишке ашырсаңар болорун унутпагыла!***



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бекайым Төрөгелдиева
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли